**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН**
**АНЫКТАМАСЫ**

Куанычбек Дороновдун өтүнүчүн
өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө

2023-жылдын 17-февралы Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын төмөнкү курамы: Ж.А. Шаршеналиев, Л.П. Жумабаев, М.Ш. Касымалиев катчы К.А. Аблакимовдун катышуусунда жаран К. Дороновдун өтүнүчүн карап чыгып, төмөнкүлөрдү

**Т А П Т Ы:**

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна 2023-жылдын 13-январында К. Дороновдун Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1994-жылдын 22-августундагы № 632 сандуу «Жер жана агрардык реформа өткөрүү жөнүндө жоболорду бекитүү тууралуу» токтому, Кыргыз Республикасынын Президентинин 1994-жылдын 22-февралындагы № 23 сандуу «Кыргыз Республикасында жер жана агрардык реформаны тереңдетүү боюнча чаралар жөнүндө» жарлыгы, Кыргыз Республикасынын Президентинин 1995-жылдын 27-февралындагы № 42 сандуу «Айыл чарбасында салык салууну өркүндөтүү боюнча чаралар жөнүндө» жарлыгы, Кыргыз Республикасынын Президентинин 1995-жылдын 3-ноябрындагы № 297 сандуу «Кыргыз Республикасында жер жана агрардык реформаны андан ары өнүктүрүү жана мамлекеттик колдоо боюнча чаралар жөнүндө» жарлыгы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 1-беренесине, 6-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө, 15-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө, 23-беренесинин 1, 3, 4, 5-

бөлүктөрүнө, 56-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө, 102-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө карама-каршы келет деп таануу жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

К. Дороновдун айтымында ага 1991-жылдын 22-октябрында Кемин райондук Советинин аткаруу комитети тарабынан бекер жана мөөнөтсүз планда дыйкан чарбасын жүргүзүүгө жана түбөлүк мураска калтырып пайдалануу үчүн 12 гектар жер бөлүнүп, тиешелүү мамлекеттик актысы берилген. Ал эми Кемин райондук мамлекеттик администрациясынын 1999-жылдын 28-апрелиндеги токтому менен К. Дороновго тиешелүү 12 гектар жер үлүшүнүн 2,5 гектары үй-бүлөсүнүн үлүш жери катары калсын деп, калган 9,5 гектарын соттун чечимисиз алып койгон. Кемин райондук мамлекеттик администрациясынын 1999-жылдын 28-апрелиндеги токтомунун кабыл алынышына Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1994-жылдын 22-августундагы № 632 сандуу «Жер жана агрардык реформа өткөрүү жөнүндө жоболорду бекитүү тууралуу» токтому негиз болгон.

Арыз берүүчүнүн пикири боюнча, талашылып жаткан мыйзам алдындагы актылар анын жерге болгон укугун бузууда жана Конституцияга ылайык келүүсү жөнүндө маселеде күмөндүүлүктү туудурат.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, К. Доронов талашылып жаткан ченемдик укуктук актыларды Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келүүсүн текшерип берүүнү суранган.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы кайрылууну жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 30-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде текшерүү жүргүзгөн судья – баяндамачы Ж.А. Шаршеналиевдин маалыматын угуп, төмөнкү тыянакка келди.

Судьялар коллегиясы кайрылууну кабыл алуу же кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө маселени чечүүдө, кайрылууда коюлган маселелердин конституциялык сот өндүрүшүнө жол берилгендигине жана кайрылуунун

«Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын талаптарына ылайык келүүсүнө таянат.

«Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык, конституциялуулугу талаш туудуруп жаткан актыны жокко чыгаруу же анын күчүн жоготуусу кайрылууну Конституциялык соттун өндүрүшүнө кабыл алуудан баш тартууга алып келет.

Талаш болуп жаткан актылар, тактап айтканда Кыргыз Республикасынын Президентинин 1994-жылдын 22-февралындагы № 23 сандуу «Кыргыз Республикасында жер жана агрардык реформаны тереңдетүү боюнча чаралар жөнүндө» жарлыгы Кыргыз Республикасынын Президентинин 2002-жылдын 1-августтагы № 202 сандуу жарлыгы менен, Кыргыз Республикасынын Президентинин 1995-жылдын 27-февралындагы № 42 сандуу «Айыл чарбасында салык салууну өркүндөтүү боюнча чаралар жөнүндө» жарлыгы Кыргыз Республикасынын Президентинин 2012-жылдын 25-январындагы № 16 сандуу жарлыгы менен, Кыргыз Республикасынын Президентинин 1995-жылдын 3-ноябрындагы № 297 сандуу «Кыргыз Республикасында жер жана агрардык реформаны андан ары өнүктүрүү жана мамлекеттик колдоо боюнча чаралар жөнүндө» жарлыгы Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 31-майындагы № 172 сандуу жарлыгы менен күчүн жоготушкан.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1994-жылдын 22-августундагы № 632 сандуу «Жер жана агрардык реформа өткөрүү жөнүндө жоболорду бекитүү тууралуу» токтомуна карата келтирилген жүйөлөр боюнча судьялар коллегиясы төмөнкүлөрдү белгилейт.

Конституциялык контролдун укуктук маңызы болуп, конституциялык принциптерге жана орнотмолорго каршы коомдук мамилелерди укуктук жөнгө салууну тастыктаган укуктук мүнөздөгү ынандыруучу жүйөлөрдүн болуусунда ченемдик укуктук актылардын же алардын структуралык элементтеринин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын талаптарына

ылайык келүүсүн текшерүү саналат. Ушуга байланыштуу, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамда Конституциялык сотко болгон кайрылууну тариздөөгө жана арызданууучу койгон маселе боюнча анын көз карашын негиздөөгө болгон бир катар талаптар караштырылган (19, 26, 27 жана 30-беренелер).

Алсак, жогоруда аталган конституциялык Мыйзамдын 27-беренесинин 4-бөлүгүнүн 9-пунктуна ылайык, арызданууучу өз кайрылуусунда ал койгон маселе боюнча жеке позициясын жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын тиешелүү ченемдерине шилтеме жасалган укуктук негиздемесин көрсөтүүгө милдеттүү. Бул талап арызданууучунун жүйөлөрү фактологиялык эмес, укуктук мүнөздө болуп, конституциялык орнотмолор менен тутумдук байланышта туруп жана аны менен талашылып жаткан укуктук ченемдин жөнгө салуучулук таасиринин конституциялуулугунда анык күмөндүүлүктү пайда кылышы керек дегенди билдирет.

Ал эми К. Дороновдун кайрылуусунда талашылып жаткан ченемдик укуктук акты менен Конституциянын тиешелүү ченеминин арасында тутумдук укуктук байланыш жок экени көрүнөт.

«Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1-пунктунун талабына ылайык, эгерде кайрылуу формасы жана мазмуну боюнча аталган конституциялык Мыйзамдын талаптарына ылайык келбесе, судьялар коллегиясы кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартат.

Жогоруда аталган тыянактардын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 2-бөлүгүн, 3-бөлүгүнүн 1-пунктун, 4-бөлүгүн, 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы

**А Н Ы К Т А Д Ы:**

1. Куанычбек Дороновдун Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1994-жылдын 22-августундагы № 632 сандуу «Жер жана агрардык реформа өткөрүү жөнүндө жоболорду бекитүү тууралуу» токтому, Кыргыз Республикасынын Президентинин 1994-жылдын 22-февралындагы № 23 сандуу «Кыргыз Республикасында жер жана агрардык реформаны тереңдетүү боюнча чаралар жөнүндө» жарлыгы, Кыргыз Республикасынын Президентинин 1995-жылдын 27-февралындагы № 42 сандуу «Айыл чарбасында салык салууну өркүндөтүү боюнча чаралар жөнүндө» жарлыгы, Кыргыз Республикасынын Президентинин 1995-жылдын 3-ноябрындагы № 297 сандуу «Кыргыз Республикасында жер жана агрардык реформаны андан ары өнүктүрүү жана мамлекеттик колдоо боюнча чаралар жөнүндө» жарлыгы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 1-беренесине, 6-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө, 15-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө, 23-беренесинин 1, 3, 4, 5-бөлүктөрүнө, 56-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө, 102-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө карама-каршы келет деп таануу жөнүндө өтүнүчүн өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылсын.

2. Өтүнүч жана ага тиркелген материалдар арызданууучуга кайтарылып берилсин.

3. Аныктама Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна үч айдын ичинде даттанылышы мүмкүн.

Судьялар коллегиясы: Ж.А. Шаршеналиев

Л.П Жумабаев

М.Ш. Касымалиев

№________